**Ош Мамлекеттик Университети**
**Эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңешинин кеңейтилген жыйынынын**

№-4 ПРОТОКОЛУ

24.12.22 ж. Ош шаары

Окуу методикалык кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.
Окуу методикалык кеңешинин катчысы: доц. Базиева А.М.

Катышкандар: 20 (ЭМФ деканы, декандын ОИ боюнча орун басарлары, кафедра башчылары, кафедралардын ОМИ боюнча жооптуулары)
Келбегендер: 2 (себептүү)
Чакырылгандар: жок

КҮН ТАРТИБИНДЕ КАРАЛУУЧУ МАСЕЛЕЛЕР:
4.1. Факультеттеги окуу-методикалык иш боюнча нормативдик документацияга мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоо: негизги билим берүү программасы (НББП); дисциплиналардын окуу-методикалык комплекси (ОМК); ачык сабактардын жана өз ара сабака катышуулардын иш планы жана протоколдору; ачык лекциялардын материалдары; методикалык иштелмелер

4.2 Өндүрүштүк практикасын уюштуруу жана өткөрүү жана аны өркүндөтүү боюнча иш чаралар: өндүрүштүк практиканын окуу жыйынтыктарынын НББП менен шайкештиги, практиканы уюштуруунун максаттары жана мөөнөттөрү.

4.3. Диагностикалык тестирлөө (1-курстун студенттери үчүн) уюштуруу, өткөрүү, жана жыйынтыгын талдоо.

4.4.Окуу планынын дисциплиналары боюнча Баалоо каражаттар фондун баалоо

4.5 Ар түрдүү

4.1 Факультеттеги окуу-методикалык иш боюнча нормативдик документацияга мониторингдин жыйынтыктарын талкуулоо

Угулду: Окуу методикалык кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. күн тартиби менен тааныштырды жана регламент бекитилди.

Факультеттин ОЗиЗ, КД1, ТИМ кафедраларынын окуу-методикалык иш боюнча нормативдик документацияга мониторингдин жыйынтыктары жөнүндө ФОМК төрайымы Салиева Р. баяндама жасады.

Талкуу: Талкууга доценттер Маматова С.М, Ысмаилова Р.А., Джумаева Л.М., Турусбекова А.К. катышты. Жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде эл аралык медицина факультетинин Окуу методикалык кеңеши
ТОКТОМ кылат:
4.1. Факультеттин өз ара текшерүү боюнча Р. Салиеванын билдирүүсү эске алынсын.

4.1.2. Кафедралардагы кафедраларынын окуу-методикалык иш боюнча нормативдик документацияга (ПО курамдын сапаттык көрсөткүчүн жана академиялык мобилдүүлүгүн жогорулатуу, сайттарды толуктоо, квалификацияны жогорулатуу боюнча тренингге катышуу ж.б.) ФОМК сунушу боюнча ишке ашырылсын;
4.1.3. Токтомдордун аткарылышы кафедра башчыларына милдеттендирилсин жана көзөмөлдөө окуу иштери боюнча декандын орун басарлары Л.М. Джумаева жана И.Ж. Исмаиловго жүктөлсүн.

4.2 Өндүрүштүк практикасын уюштуруу жана өткөрүү жана аны өркүндөтүү боюнча иш чаралар: өндүрүштүк практиканын окуу жыйынтыктарынын НББП менен шайкештиги, практиканы уюштуруунун максаттары жана мөөнөттөрү.

Угулду: 2022-2023 – окуу жылына карата өндүрүштүк практика иштеринин уюштуруусуна, алдыдагы милдет, максаттары жөнүндө факультеттин 4-6 курстар жана 1-3-курстардын өндүрүштүк практика боюнча декандын орун басарлары Турдалиев С.О. жана И.С.Абдирайимовго сөз берилди.
Чыгып сүйлогөндөр: С.О. Турдалиев жана И.С.Абдирайимовдор баяндама жасашты.
Талкуу: Курбанбаев О.И., Джумаева Л.М., Момунова А.А., Бугубаева М. талкууга катышып, маселе боюнча төмөнкүдөй
ТОКТОМ чыгарылды:
4.2.1 Эл аралык медицина факультетинин декандын 1-2- 3-курстардын өндүрүштүк практика боюнча орун басары И.С. Абдирайимовдун жана 4-5 курстардын декандын өндүрүштүк практика боюнча орун басары С.О.Турдалиевдин маалыматтары канааттандыраарлык деп эсептелсин.
4.2.2. ОшМУ жана Индия, Пакистан өлкөлөрүнүн дарылоо мекемелери менен түзүлгөн келишимдердин мөөнөтү узартылсын жана практика уюштурулган мекемелер менен жеринен тааныштырылсын. Өндүрүштүк практиканын жүргүзүлүшүнө көзөмөл күчөтүлсүн. Жогоруда белгиленген чечимдердин аткарылышы бутуруучу кафедралардын башчыларына, көзөмөлдөө өндүрүштүк практика боюнча декандын орун басарлары И.С.Абдирайимов жана С.О.Турдалиевге жүктөлсүн

4.3. Диагностикалык тестирлөө (1-курстун студенттери үчүн) уюштуруу, өткөрүү, жана жыйынтыгын талдоо.
Маселе боюнча төрайым Салиева Р.Ш. 1-курстун студенттери үчүн диагностикалык тестирлөөнүн уюштуруусу жүйөлүү себептер менен кеч калганына байланыштуу, кийинки кеңешмеге калтырылышын суранды.
Талкуу:
ФОМК мүчөлөрү талкууга катышып, маселе боюнча төмөнкүдөй
ТОКТОМ кылат:
4.3. Эл аралык медицина факультетинин 2022-2023 -окуу жылына 1-курстун студенттери үчүн диагностикалык тестирлөөнү өткөрүү жагы тездетилсин. Аткаруу жагы тиешелүү кафедра башчыларына тапшырылсын жана окуу иштери боюнча орун басары И.Дж. Исмаиловдун көзөмөлүнө алынсын.

4.4.Окуу планынын дисциплиналары боюнча Баалоо каражаттар фондун баалоо

Угулду: Эл аралык медицина факультетинин окуу-усулдук Кеңешинин төрайымы Салиева Р.Ш. ОшМУнун эл аралык медицина факультетинде 2022-2023-окуу жылы үчүн студенттердин билимин баалоо каражаттар фонду боюнча айтты. БКФ жобого ылайык түзүлүп, толук талаптарга жооп берүүсү шарт экенин эскертти. Кээ бир кафедрада бул иштерде БКФдун сапатына көңүл буруусу зарылдыгы бар.

Талкуу:

Проф. Курбаналиев А., Джумаева Л.М., доц. Момунова А.А., доц.Турусбекова А., доц. Ысмаилова Р. талкууга катышып, ФОМК маселе боюнча төмөнкүдөй

ТОКТОМ кылат:.

4.4. Салиеванын студенттердин билимдерин баалоо фондунун каражаттары боюнча маалыматтар көңулгө алынсын, кафедралардын ББКФдери тез арада жобого ылайык оңдолсун. Аткаруу кафедралардын ОМИ боюнча жооптууларга жүктөлсүн, кафедра башчыларынын көзөмөлүнө алынсын.

4.5 Ар түрдүү

Окуу методикалык Кеңешинин төрайымы: Салиева Р.Ш.

Окуу методикалык кеңешинин катчысы: Базиева А.